Макулдашылды
Ж. Баласагын атындагы КУУнун
Кесиптик кошуунун төрагасы
К. С. Жумабеков
_______________________
«___» ______________ 2024-ж.

Бекитемин
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз
улуттук университетинин ректору,
профессор Т. А. Абдырахманов
_______________________
«___» ______________ 2024-ж.

## Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Инвестиция боюнча бөлүмүнүн ЖОБОСУ

### 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо Инвестиция боюнча бөлүмдүн Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (*мындан ары* - университет) түзүмдөрүндөгү ордун, максат-милдеттерин, түзүмүн жана негизги ишмердүүлүгүн аныктайт.

1.2. Инвестиция боюнча бөлүм (*мындан ары* - бөлүм) университеттин түзүмдүк бөлүгү жана анын материалдык базасын пайдаланат.

1.3. Бөлүм өзүнүн ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамын, университеттин Уставын, Окумуштуулар кеңешинин чечимдерин, ректордун буйруктарын жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

1.4. Бөлүм университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде ректордун буйругу менен түзүлөт, кайрадан уюшулат жана жоюлат.

1.5. Бөлүмдүн ишмердүүлүгү университеттин Инвестиция боюнча проректору тарабынан көзөмөлгө алынат.

1.6. Бөлүмдүн ишмердүүлүгүн ректордун буйругу менен бекитилген бөлүм башчы түзмө-түз жетектейт.

### 2. Инвестиция боюнча бөлүмдүн максаты жана милдеттери

2.1. **Бөлүмдүн максаты -** университетке инвестиция тартуу, долбоорлорду иштеп чыгуу жана студенттердин арасында стартап долбоорлорду демилгелөө боюнча университеттин инвестициялык саясатын иш жүзүнө ашыруу.

2.2. Бөлүмдүн **милдеттери**:

- университеттин билим берүү чөйрөсүндөгү ишмердигин өнүктүрүү үчүн долбоорлорду иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- университетке инвестиция тартууга көмөктөшүү;
- студенттердин арасында СТАРТАП боюнча бизнес-идеяларды колдоо жана жардам көрсөтүү.

### 3. Инвестиция боюнча бөлүмдүн функциялары

3.2. **Бөлүмдүн функциялары:**

- Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларынын инвестиция тартуу жана долбоор жазуу боюнча тажрыйбалары менен таанышуу жана бөлүмдүн ишмердүүлүгүнө киргизүүнү демилгелейт;

- инвестиция тартуу максатында иш чараларды пландайт жана уюштурат;

- университеттин түзүмдөрүндө өткөн бөлүмдүн ишмердүүлүгүнө тиешелүү коомдук иш чараларды көзөмөлдөйт;

- инвестицияга тиешелүү маселелер боюнча университеттин түзүмдөрү, мамлекеттик мекемелер, фонддор, бизнес чөйрө, ассоциациялар жана эл аралык долбоорлор менен өз ара кызматташат;

- инвестициялык демилге көтөргөн же долбоордун авторуна грант алууга жана/же кошумча каржылоонун башка формаларына билдирме берүү үчүн документтерди шөөкөттөөгө жардам көрсөтөт;

- инвестициялык демилгени шөөкөттөөгө, грант алууга жана/же кошумча каржылоонун башка формаларына билдирмени даярдоого жана аны иш жүзүнө ашыруу үчүн жумушчу топторду түзөт;

- грант алуу үчүн берилген билдирмелердин сапатын жакшыртуу максатында билдирмелерди ички экспертизадан өткөрүүнү жана консультацияларды уюштурат;

- бөлүмдүн кызматкерлерин долбоор жазуу жана аны иш жүзүнө ашыруу үчүн каражат издөө боюнча окуудан өткөрүүнү уюштурат;

- инвестиция тартууга багытталган иш чараларды пландайт жана уюштурат;

- бөлүмдүн ишмердүүлүгүнө тиешелүү маалыматтарды жетекчиликке билдирет;

- ишмердүүлүккө тиешелүү иштиктүү кат алышууну уюштурат.

## 4. Инвестиция боюнча бөлүмдүн структурасы

4.1. Бөлүмдүн ишмердүүлүгү Инвестиция боюнча проректор тарабынан көзөмөлдөнөт жана координацияланат.

4.2. Бөлүмдүн штаттык расписаниеси бөлүм башчы тарабынан Инвестиция боюнча проректору, пландоо бөлүмүнүн жетекчиси жана кадрлар башкармалыгынын башчысы менен биргеликте иштелип чыгат жана ректор тарабынан бекитилет.

**4.3.1. Бөлүм башчынын милдеттери:**

- Инвестиция боюнча бөлүмдүн максат-милдеттерине жана функциясына ылайык ишмердүүлүгүн жүргүзөт;

- бөлүмдүн кызматкерлеринин милдеттерин туура бөлүштүрөт, бөлүмдүн стратегиялык планын жана жылдык иш планын иштеп чыгат жана бул планды түзүүдө университеттин туруктуу өнүгүү планын эске алат;

- инвестицияга тиешелүү маселелер боюнча университеттин түзүмдөрү, мамлекеттик мекемелер, фонддор, бизнес чөйрө, ассоциациялар жана эл аралык долбоорлор менен кызматташат;

- бөлүм тарабынан даярдалган отчеттордогу жана башка материалдарда камтылган маалыматтардын чындыгына жоопкерчиликтүү жана бекитилген тартипте аткарылган иштер боюнча Инвестиция боюнча проректорго отчет берет;

- университеттин ичиндеги институттардын, факультеттердин жана башка түзүмдөрдүн жетекчилери менен өз ара кызматташтыкты уюштурат;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы нормаларды жана эрежелерди, университеттин уставын, локалдык актыларын сактайт;

- бөлүмгө берилген университеттин мүлкүнө жоопкерчиликтүү жана аларды этияттык менен пайдаланат.

**4.3.2. Бөлүм башчынын укуктары:**

- ректордун жана Инвестиция боюнча проректордун тапшырмасы боюнча башка мамлекеттик мекемелерде, чет элдик уюмдарда, ошондой эле юридикалык жана физикалык жактар менен байланыш түзүүдө бөлүмдүн кызыкчылыктарын коргойт жана сунуштайт;

- университеттин жетекчилигине бөлүмдүн функциясынын чегинде бөлүмдүн ишмердүүлүгүн жакшыртуу жана долбоорлор боюнча сунуштарды киргизе алат;

- бөлүмгө жүктөлгөн максат-милдеттердин жана функциялардын чегинде университеттин башка түзүмдөрү менен өз ара кызматташат;

- ректор жана Инвестиция боюнча проректордун макулдугунун негизинде бөлүмгө кадрларды тандайт жана жайлаштырат.

**4.3.3. Бөлүм башчынын жоопкерчилиги:**

- ушул жободо каралган кызматтык милдеттерин талаптагы деңгээлде аткарбагандыгы жана өз ишмердигин иш жүзүнө ашыруудагы укук бузуулары үчүн Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдарынын чегинде жооптуу;

- Кыргыз Республикасынын эмгек жана жарандык мыйзамдарынын чегинде материалдык зыян келтиргендиги үчүн жооптуу.

**4.4.1. Маркетинг боюнча башкы адистин милдеттери:**

- университеттин билим берүү чөйрөсүндөгү маркетинг стратегиясынын калыптануу механизмерин иштеп чыгат жана баалайт;

- чечүүгө сунушталып жаткан проблеманы аныктайт, кызмат көрсөтүүнүн же продуктунун концепциясын иштеп чыгат;

- билим берүү чөйрөсүнө ылайык маркетингдик изилдөөлөрдүн жана иш-аракеттердин инструменттерин иштеп чыгат;

- долбоорлорду оптимизациялаштыруу боюнча сунуштарды киргизет;

- маалыматтык каттарды жана онлайн илгерилетүүлөрдү иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

- маркетингдик изилдөөлөрдүн негизинде университеттин билим берүүдөгү кызмат көрсөтүүсүнө рыноктогу суроо-талаптарга ылайык өз сунуштарын берет;

- бөлүм башчы тарабынан берилген тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарат.

**4.4.2. Маркетинг боюнча башкы адистин укуктары:**

- бөлүмдүн ишмердүүлүгү боюнча жетекчиликтин чечимдеринин долбоорлору менен таанышат;

- бөлүмдүн ишмердигин жакшыртуу боюнча өз милдеттеринин чегинде сунуштарды киргизет;

- бөлүм башчысына өз милдеттерин аткарууда келип чыккан кыйынчылыктарды маалымдайт;

- университеттин түзүмдүк бөлүктөрүнөн бөлүмдүн ишмердүүлүгүнүн алкагында зарыл болгон маалыматтарды жана документтерди сурайт жана талап кылат.

**4.4.3. Маркетинг боюнча башкы адистин жоопкерчилиги:**

- ушул жободо каралган кызматтык милдеттерин талаптагы деңгээлде аткарбагандыгы жана өз ишмердигин иш жүзүнө ашыруудагы укук бузуулары үчүн Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдарынын чегинде жооптуу;

- Кыргыз Республикасынын эмгек жана жарандык мыйзамдарынын чегинде материалдык зыян келтиргендиги үчүн жооптуу.

**4.5.1. Стартап жана фандрайзинг боюнча башкы адистин милдеттери:**

- фандрайзингдин стратегиялык планын иштеп чыгат (т.а., белгиленген максатка жетүү үчүн иш аракеттердин планы, мөөнөтү, бюджети көрсөтүлөт) жана бул планды түзүүдө университеттин туруктуу өнүгүү планын эске алат;

- максаттуу аудиторияны аныктайт, маркетингдик стратегияны маркетинг боюнча башкы адис менен биргеликте иштеп чыгып, ишке ашырат;

- инвесторлорду издейт жана акселерация боюнча программаларга катышат;

- инвесторлор жана демөөрчүлөр менен келишимдердин долбоорлорун иштеп чыгууга катышат;

- алынган максаттуу каражаттар боюнча инвесторлорго отчет даярдайт;

- инвестициялык демилге көтөргөн же долбоордун авторуна грант алууга жана/же кошумча каржылоонун башка формаларына билдирме берүү үчүн документтерди шөөкөттөөгө жардам көрсөтөт

- стартапка тиешелүү маселелер боюнча университеттин түзүмдөрү, мамлекеттик мекемелер, фонддор, бизнес чөйрөсү жана ассоциациялар менен кызматташат;

- билим берүүдөгү фандрайзинг ишмердүүлүгүн жөнгө салган укуктук ченемдерди сактайт;

- мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, жалпыга маалымдоо каражаттарында жана башка уюмдарда (анын ичинде эл аралык уюмдарда) университеттин кызыкчылыктарын көрсөтүү;

- комиссиянын курамында университеттин атынан сыйланган мүлктү кабыл алуу жана өткөрүп берүү процессине катышат;

- бөлүм башчы тарабынан берилген тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарат.

**4.5.2. Стартап жана фандрайзинг боюнча башкы адистин укуктары:**

- бөлүмдүн ишмердүүлүгү боюнча жетекчиликтин чечимдеринин долбоорлору менен таанышат;

- бөлүмдүн ишмердигин жакшыртуу боюнча өз милдеттеринин чегинде сунуштарды киргизет;

- бөлүм башчысына өз милдеттерин аткарууда келип чыккан кыйынчылыктарды маалымдайт.

**4.5.3. Стартап жана фандрайзинг боюнча башкы адистин жоопкерчилиги:**

- ушул жободо каралган кызматтык милдеттерин талаптагы деңгээлде аткарбагандыгы жана өз ишмердигин иш жүзүнө ашыруудагы укук бузуулары үчүн Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдарынын чегинде жоопту;
- Кыргыз Республикасынын эмгек жана жарандык мыйзамдарынын чегинде материалдык зыян келтиргендиги үчүн жоопту.